УДК: 371.398

**Саралаев Нур Керимкулович**
*директор, философия илимдеринин доктору, профессор*
**Салморбекова Рита Бобуевна**
*жетектөөчү илимий кызматкер, социология илимдеринин доктору, профессор*
**Ибраев Мирлан Эрмекович**
*окумуштуу катчы*

## КЫРГЫЗСТАНДА УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРДЫ ЖЕТКИРҮҮДӨГҮ ИЛИМДИН РОЛУ

**Саралаев Нур Керимкулович**
*директор, доктор философских наук, профессор*
**Салморбекова Рита Бобуевна**
*ведущий научный сотрудник, доктор социологических наук, профессор*
**Ибраев Мирлан Ермекович**
*ученый секретарь*

## РОЛЬ НАУКИ В ФОРМИРОВАНИИ НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Saralaev Nur Kerimkulovich**
*director, doctor of philosophy, professor*
**Salmorbekova Rita Bobuevna**
*leading researcher, doctor of sociology, professor*
**Ibraev Mirlan Ermekovich**
*scientific secretary*

## THE ROLE OF SCIENCE IN THE FORMATION OF NATIONAL VALUES IN KYRGYZSTAN

*Академик А.Алтмышбаев атындагы Философия институту*
*Институт философии имени академика А. Алтмышбаева*
*Institute of Philosophy named after Academician A. Altmyshbaev*

**Аннотация.** Бул макалада Кыргызстандын билим берүү системасынын улуттук жана диний баалуулуктарды жеткирүүдөгү ролу каралат. Бул макалада Кыргызстанда улуттук ба алуулуктарды сактоо жана өнүктүрүүдө илимдин ролу каралат. Улуттук баалуулуктардын мааниси, алардын коомдук турмуштагы орду, илимий изилдөөлөрдүн бул багыттагы жетиш кендиктери жана келечектеги маселелер талдоого алынат. Макалада Кыргызстандын илим поздорунун улуттук баалуулуктарды изилдөө боюнча жүргүзгөн иштерине көңүл бурулат, ошондой эле билим берүү системасынын бул процесстеги мааниси баса белгиленет.

**Негизги сөздөр:** Баалуулук, морал, адилеттүүлүк, улуттук, уңгужол, философия, этика

**Аннотация.** В статье рассматривается роль системы образования Кыргызстана в передаче национальных и религиозных ценностей. В статье рассматривается роль науки в сохранении и развитии национальных ценностей в Кыргызстане. Проанализирована значение национальных ценностей, их место в общественной жизни, достижения науч ных исследований в этой области и будущие проблемы. В статье уделяется внимание ра ботам кыргызских ученых по изучению национальных ценностей, а также подчеркивает ся важность системы образования в этом процессе.

**Ключевые слова:** Ценности, мораль, справедливость, национальный, философия, этика.

**Abstract.** The article examines the role of the education system of Kyrgyzstan in the transmission of national and religious values. The article examines the role of science in the preservation and development of national values in Kyrgyzstan. The significance of national values, their place in public life, the achievements of scientific research in this area and future problems are analyzed. The article pays attention to the works of Kyrgyz scientists on the study of national values, and also emphasizes

**Keywords:** Values, morality, justice, national, philosophy, ethics

**Киришүү.** Кыргызстан көп улуттуу жана көп конфессиялуу мамлекет катары, улуттук жана диний баалуулуктарды сактоо жана өнүктүрүү боюнча уникалдуу тажрыйбага ээ. Улуттук баалуулуктар элдин тарыхый мурасын, маданиятын жана тилин сактоо менен байланыштуу болсо, диний баалуулуктар адамдардын руханий дүйнөсүнө таасир этүүчү факторлордун бири болуп саналат. Билим берүү, бул баалуулуктардын сакталышы жана өнүгүүсү үчүн негизги каражаттардын бири болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы менен бекитилген «Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу [9], Кыргызстанда улуттук жана диний баалуулуктарды жеткирүүдөгү билим берүүнүн ролун көтөрүп көрсөтөт. Бул документ, өлкөнүн улуттук жана диний маданиятын өнүктүрүү, анын баалуулуктарын сактоо жана муундан-муунга өткөрүп берүү максатында иштелип чыккан. Анын негизги максаты – коомдо улуттук биримдикти, маданияттык жана диний түшүнүктөрдүн теңукуктуулугун камсыз кылуу, ошол эле учурда билим берүү аркылуу жаштарды патриоттук сезим менен тарбиялоо. Аталган жарлыкты аткарууда Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Академик А.Алтмышбаев атындагы Философия институтунун кызматкерлери илимий эмгектеринде жана билим берүү тармагында терең изилденген эмгектерин эл арасында жайылтып келишүүдө.

**Уңгужолдун негизги багыттары.** Улуттук баалуулуктардын маанисин көтөрүү. Документте улуттук жана диний баалуулуктардын коомдук турмуштагы орду жана алардын мааниси ачык баса белгиленет. Билим берүү системасы аркылуу бул баалуулуктардын маңызын түшүндүрүү, алардын тарыхый жана маданий негизин үйрөтүү көздөлгөн. Кыргыз элинин улуттук баалуулуктарына тил, маданият, тарых, салт-санаа, элдик чыгармачылык жана башкалар кирет. Билим берүү системасы аркылуу бул баалуулуктар муундан-муунга өткөрүлүп, жаштардын улуттук идентификациясын бекемдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Аталган көйгөйлөрдүн үстүндө төмөндөгүдөй окумуштуулардын эмгектери жарык көрдү, алсак: Академик Тогусаков О.А. жана анын шакирттери [8] макаласында көрсөткөндөй, адеп-ахлак нормаларынын нарктык негизи аларда жакшылык менен жамандык жөнүндө маалыматтар камтылган. Алынган натыйжалардын илимий баалуулугу моралдык нормалардын, моралдык баалуулуктардын бир бөлүгү катары аныкташкан.

Профессор Н.К. Саралаев эмгектеринде заманбап чакырыктарды чечүүнүн механизмдерине жана жаңы философиянын калыптанышына баалулуктарды изилдөө катализатор болору тууралуу белгиленген [6]. Заманбап дүйнөдө биз көптөгөн кыйынчылыктарга туш болуп жатабыз, бул адамдардын күнүмдүк жашоосун өзгөртөт, бирок ошондой эле салттуу философиялык баалуулуктарды жана зарылдыгын кайра карап чыгуу, аларды жаны реалдуулуктардын контекстинде кайра баалоо тууралуу авторлор жазып келет.

Профессор Кайыпов С.Т. кабыл алынган Жарлыктын авторлорунун бири катары «Уңгужол - тарыхый зарылдык» деген темада доклад жасап, эл арасына илимий багытта жайылтып келет. Уңгужол – бул элдин биримдиги, тарыхый тагдыры жана маданияты үчүн күрөшүүнүн символу катары карайт. Ал кыргыздардын улуттук боштондук үчүн күрөшүн, эркиндикке умтулушун жана тарыхый эстеликтерди сактоо зарылдыгын көрсөтөт [4]. Кыргызстандын тарыхына таянсак, уңгужол – бул элдин туу чокусунда турушу, өзүнүн маданиятын, тилин, салттарын сактоо жана муундан муунга өткөрүп берүү үчүн күрөшүү. Бул процесс татаал жана көптөгөн сыноолорду башынан өткөргөн, бирок кыргыз эли үчүн уңгужол – бул өзүнүн тагдырын өзү чечүү, өзүнүн тарыхын унутпоо жана келечек муундар үчүн үлгү болуу. Ошондуктан, уңгужол – өткөндү эске алуу эмес, ал келечекке карай кадам жасоо, өзүнүн маданиятын, тилин жана улуттук баалуулуктарын сактоо үчүн тынымсыз иштөө. Бул – кыргыз элинин тарыхый рухунун жана биримдигинин күчү.

Профессор Бекбоев А.А. тарыхый-улуттук баалуулуктардын алкагындагы “сөз”; “улут”; “нарктуулук”, “иденттүүлүк” деп аталган түйүндүү түшүнүктөргө аныктамаларды берип келет [3]. Автор эмгектеринде мораль - коомдук зарылдыкты, коомдун коом болушун зарыл түрдө шарттап турган тутумдаш жүрүм-турум эреже-талаптарынын жыйындысы катары карап келет. Андан тышкары козголгон маанилүү маселелердин конкреттүү көрүнүшү катары абийир тууралу эсселерди жазып келет.

Профессорлор К. Карабукаев, Ө. Козуба

ев макаласында руханий жана экологиялык жактан өнүккөн инсанды калыптандыруунун маанилүү шарты болгон руханий-адептик баалуулуктар каралат. Бул баалуулуктар коом менен табияттын ортосундагы мамилелерди өнүктүрүүдө маанилүү орунду ээлейт, бул социалдык-табигый системада туруктуу, тең салмактуу мамилелердин калыптанышына алып келиши керек. Коомдун руханий жана адеп-ахлактык сапаты өлкөнүн өнүгүүсүнүн негизи катары коомдун туруктуу өнүгүүсүн түзүүнүн стратегиялык максаттарын аныктап, адамдар менен жаратылыш чөйрөсүнүн ортосундагы мамилелерди оптималдаштырууга жана шайкеш келтирүүгө, ошону менен коомдун бакубаттуулугун камсыз кылууга, азыркы жана келечек муундардын керектөөлөрүн канааттандырууга өбөлгө түзөрү белгиленген [5].

Улуттук баалулуктарды сактоодо профессор Салморбекова Р.Б. социалдык кызматкерлер диний жамааттар менен алардын социалдык муктаждыктарын колдоо жана гармониялуу коомду түзүү үчүн кандайча өз ара аракеттенишээрин талдайт. Эмгектеринде руханий жана диний чөйрөдөгү социалдык иштин ар кандай аспектилери, мисалы: турмуштук кырдаалдарда динге ишенгендерге кеңеш берүү жана колдоо көрсөтүү, диний жамааттардын социалдык бакубаттуулугуна багытталган программаларды жана долбоорлорду иштеп чыгуу, социалдык кызматкерлер менен дин кызматкерлеринин жана диний топтордун лидерлеринин өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу каралат [7]. Автор ошондой эле ар түрдүү диний топтордун ортосундагы толеранттуулукту, өз ара түшүнүшүүнү жана сый-урматты жайылтуудагы социалдык иштин ролуна көңүл буруу керектигин, Кыргызстандыктардын руханий жана диний турмушунда коомдук иштин мааниси чоң экендигин белгилейт. Жалпысынан руханият жана диндин өз ара байланышын изилдөө маанилүү экендигине басым жасайт.

Теңир дүйнөтаанымы адамзатттын тарыхындагы эн байыркы дүйнөтааным болуп саналгандыктан, бүгүн дүйнө элдери ирилештирүү (глобализация) идеологиясынан четтеп, ар бир этнос өзүнүн тилин, тарыхын жана дүйнөтаанымдарын изилдөөгө багыт алган учурда, түрк-монгол элдеринин урпактары да өз иденттүүлүгүн табууга жана изилдөөгө бет алууда. Мына ушул багытта бүгүнкү күнү Теңир дүйнөтаанымын изилдөө иши колго алынып, тарых илимдеринин кандидаты А.М. Алымбаев улуттук баалулуктардын элементтерин изилдеп келет [1].

Философия илимдеринин кандидаты Бабашев А.А. эмгектеринде социалдык мамилелерди камтыган идеялар коомдук аң-сезимдин башка элементтери менен шайкеш келгендиктен, макалада идеологиянын протофилософиялык формаларынын информациялык функциясын кеңири баяндайт. Анткени, идеологиянын илимге чейинки формаларынын мазмунун тарыхый-философиялык талдоо барган сайын актуалдуу болуп бараткандыктан, идеология ой жүгүртүүнүн абстракттуу-теориялык деңгээлинде өсүп-өнүгүүчү чыныгы руханий процесс жана коомдук аң-сезимдин курамдык бөлүгүнүн бири катары анын негизги милдети өлкөнүн келечектеги өнүгүү багытын, анын ичинде учурдагы бардык саясий процесстерди, кыймылдарды жана күчтөрдү аныктоочу каражат жана күч болуп санала тургандыгын жазып келет [2].

Кыргызстан көп улуттуу жана көп конфессиялуу мамлекет катары, улуттук жана диний баалуулуктарды сактоо жана өнүктүрүү боюнча уникалдуу тажрыйбага ээ. Бул макалада Кыргызстандын улуттук жана диний баалуулуктарын сактоо жана өнүктүрүү маселелери илимий жактан талдоого алынып, алардын коомдогу орду, мааниси жана билим берүү аркылуу кантип муундан-муунга өткөрүлүп жатканы каралат.

Кыргызстанда улуттук баалуулуктар элдин тарыхый мурасын, маданиятын жана тилин сактоо менен тыгыз байланыштуу. Диний баалуулуктар болсо адамдардын руханий дүйнөсүнө терең таасир этүүчү факторлордун бири катары көрсөтүлөт. Билим берүү системасы аркылуу бул баалуулуктардын мааниси түшүндүрүлүп, алардын тарыхый жана маданий негиздери үйрөтүлөт. Улуттук баалуулуктарга тил, маданият, тарых, салт-санаа, элдик чыгармачылык жана башкалар кирет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы менен бекитилген «Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик» [9] уңгужолу, улуттук жана диний баалуулуктарды жеткирүүдөгү билим берүүнүн ролун көтөрүп көрсөтөт. Бул документ коомдо улуттук биримдикти, маданияттык жана диний түшүнүктөрдүн тең укуктуулугун камсыз кылууга багытталган. Билим берүү аркылуу жаштардын патриоттук сезими өстүрүлүп, улуттук идентификациясы бекемделет. Улуттук жана ди

ний баалуулуктарды сактоо жана өнүктүрүү Кыргызстандын коомдук туруктуулугу үчүн өтө маанилүү. Билим берүү системасы аркылуу бул баалуулуктар муундан-муунга өткөрүлүп, жаштардын улуттук идентификациясын бекемдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ошондой эле, диний толеранттуулукту жана өз ара түшүнүүнү күчөтүү коомдук гармонияны камсыз кылууда маанилүү роль ойнойт.

**Жыйынтык.** Кыргызстандын улуттук жана диний баалуулуктарын сактоо жана өнүктүрүү боюнча иштелген иштер коомдун руханий жана маданий өнүгүүсүнө чоң салым кошууда. Билим берүү системасы аркылуу бул баалуулуктардын мааниси түшүндүрүлүп, алардын тарыхый жана маданий негиздери үйрөтүлөт. Илимий изилдөөлөр улуттук идентификацияны бекемдөөгө, диний толеранттуулукту күчөтүүгө жана коомдук туруктуулукту камсыз кылууга багытталган. Келечекте бул багыттарда илимий изилдөөлөрдүн тереңдетилиши жана практикалык иш-чаралардын ишке ашырылышы зарыл.

**адабияттар:**


1. Алымбаев, А. М. Теңир теонимиин таралуу ареалы жана ага сыйынуу ырым-жырымдары / А. М. Алымбаев // Кыргызстандын Жарчысы. – 2023. – No. 1-1. – P. 89-96. – DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-89-96.
2. Бабашев А.К., Аалиева Ш.К. Идеологиянын протофилософиялык формаларындагы реалдуулуктун чагылдырылышы // Известия Национальной Академии наук Кыргызской Республики. 2024. №2. 153-159.
3. Бекбоев А.А., Карабукаев К.Ш., Ибраев М.Э. Тарыхый-улуттук баалуулуктар: тил, нарк жана иденттүүлүк// Известия НАН КР, 2024, № 3
4. Кайыпов С.Т. Уңгужол – тарыхый зарылдык. // Уңгужол: учур жана келечек аталышындагы илимий-практикалык конференция. 12-февраль 2025-жыл.
5. Карабукаев К., Козубаев Ө. Духовно-нравственные ценности общества – основа развития страны. // Научные исследования в Кыргызской Республике, № 1, 2023. С. 58-64.
6. Саралаев Н.К., Мурзалиева З.К., Садыкова Б.А. Современные вызовы как катализаторы формирования новых философских ценностей. // INTERNATIONAL JOURNAL OF ADVANCED STUDIES IN LANGUAGE AND COMMUNICATION, VOL. 7, №1, 2024. C. 29-37.
7. Салморбекова, Р. Б. Социальная работа в духовно-религиозной жизни кыргызстанцев / Р. Б. Салморбекова // Отечественный журнал социальной работы. – 2024. – № 3(98). – С.
8. Тогусаков О. А., Акматалиев А. Т., Муратбаева Г. Н., Темиралиева Г. Т. Моральные нормы как часть нравственных ценностей. // ВЕСТНИК КЫРГЫЗСТАНА, №1 (1), 2023. С. 113-120.
9. Кыргыз Республикасынын «Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы менен бекитилди)